Аруу жан

Сөзү: Качкыналиев Кундуз

Обону: Джумабеков Арсен

Ай асмандай бийиксиң,
Алыстан мен аярлайм.
Асылдыктын бирисиң,
Айта албаймын, абайлайм.
Жаралгансың ким үчүн?
Жаздын жарык күнүндөй,
Жылмайганың, күлүшүң,
Жарык чачат күлүңдөй.

Кайырма:
Жаным деп,
Айткым келет мен тажабай,
Жамалыңа зар болуп,
Жалооруймун баладай.

Жан дүйнөмдү эңсетип,
Жаным, менден алыссың.
Туң сүйүүмдүн эркеси,
Түштө көргөн жарыксың.
Кезиккенбиз капыстан,
Ошол күнүм арманбы?
Жетпей сага ашыккан,
Махабатым жалганбы?

Кайырма:

Кайгырамын таба албай,
Кайдан издеп барам, ай?
Дүйнө кезип издесем,
Кезикпедиң сен мага.

Кайырма:

Жүрөгүмдү эзбечи,
Сүйөрүмдү сезсеңчи, кыйнабай.